УДК: 371: 37.01 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-376-380

**Мурзаев М.С.**
психолог. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
mamatali54@mail.ru
**Мурзаев М.С.**
канд. психолог. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
mamatali54@mail.ru
**Murzaev M.S.**
Candidate of Psychological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
mamatali54@mail.ru

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК МАДАНИЯТТАГЫ ИНСАНДЫН СОЦИАЛДАШТЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ СОЦИАЛИЗАЦИИ ЛИЧНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЕ

# FEATURES OF SOCIALIZATION OF THE PERSON IN THE KYGYZ NATIONAL CULTURE

**Аннотация:** Макалада кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу салттарынын өзгөчөлүктөрү социалдык философиялык идеялардын негизинде ачыкталып, улуттук маданиятыбызда жаш муундарды социалдаштыруу “Адам болуу” идеясынын негизинде ишке ашырылгандыгы жана ал элдин тарбия модели экендиги ачып көрсөтүлгөн.

Кыргыз улуттук маданиятында “Адам болуу” – инсан катары жетилүү, ата-бабалардан келе жаткан социалдык нормаларды жана эрежелерди тутунуп жашоо, турмушта жашап кетүүгө даяр болуу жана инсан катары элдин жүгүн моюнуна алуу, эл үчүн иштөө, эл тагдырына жоопкерчиликтүү болуу ж.б. сапаттарынын биримдиги экендиги ачып берилген.

**Негизги сөздөр:** инсанды социалдаштыруу, улуттук маданият, элдин тарбия салты, жаш муундарды социалдаштыруу салты, инсанды социалдаштыруудагы “Адам болуу” идеясы, модель.

**Аннотация:** В статье расмотрены особенности традиций социализации личности в кыргызской национальной культуре. Раскрыта роль традиций социализации подрастающего поколение реализованной на основе идеи «Адам болуу» (стать человеком), а также раскрыто, что это является модель народного воспитания кыргызов.

«Адам болуу» (стать человеком) в кыргызской национальной культуре – это идея становления личности, придерживания традиций предков, социальных норм и правил поведения, готовности к самостоятельной жизни, умения брать на себя ответственность за судьбу народа.

**Ключевые слова:** социализация личности, национальная культура, традиции воспитания народа, тардиции социализации подрастающего поколения, идея «Адам болуу» (стать человеком) в традиции социализации личности, модель.

**Annotation:** The article reveals about the peculiarities of the traditions of human socialization in the Kyrgyz national culture.

The role of the traditions of socialization of the younger generation on the basis of the ideas of «Adam Boluu» (to become a person) is formed in the culture of the Kyrgyz people.

«Adam Boluu» (become a person) in the Kyrgyz national culture is the idea of becoming a person, adhering to the traditions of ancestors, social norms and rules of behavior, readiness for independent life, ability to take responsibility for the destiny of the people.

**Keywords:** socialization of the person, national culture, traditions of uphringing, traditions of socialization of the younger generation, the idea of «Adam bolu» (become a person) in the tradition of socialization of the individual, the model.

Кыргызстандын саясый-экономикалык, социалдык-маданий жааттарында жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, жалпы эле коомдун модернизацияланышы кыргыз элдик педагогикасында калыптанган жаш муундарды социалдаштыруу салттарынын өнүгүп-өзгөрүүсүн, трансформациялануусун шарттап турат.

Азыркы кездеги илимий техникалык прогресс, ааламдашуу процесси жана дүйнөдө маалымат технологияларынын өнүгүшү кыргыздардын салттык жашоо образын, баалуулук багыттарын, социалдык нормаларын, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн өзгөрүүгө учуратып жатат. Азыркы кезде информациялык технологияларынын дүркүрөп өнүгүшү, коомдун компьютерлештирүүсү социалдаштыруунун инновациялык элементтеринин жаралышына алып келип, ар бир адамда, үй-бүлөдө сотка, компьютердин бар болуусу, алардын интернет торчосуна туташтырылышы менен да узак кылымдарда калыптанган инсанды социалдаштыруу салттары интенсивдүү түрдө өзгөрүүлөргө учуроодо. Натыйжада жалпы маданиятыбыз интенсивдүү түрдө өзгөрүүгө учуроодо. Коомдогу мындай абал улуттук негизде жаш муундарды социалдаштырууну ишке ашырууну бүгүнкү күндөгү эң негизги коомдук маселеге айлантууда. Ошондуктан улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу салттарын изилдөөго алып, кыргыз улуттук маданиятындагы ата-бабалардан келе жаткан инсанды социалдаштыруу салттарын жаш муундарды жетилтүүдө пайдалануу актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз эли өзүнүн узак кылымдардагы тарыхый өнүгүүсүндө өзүнө мүнөздүү болгон социалдык философиялык идеяларын, көз караштарын жараткан. Ал идеялардын айрымдары төмөнкүлөр:

1. Ата-журттун эркиндиги, көз карандысыздыгы идеясы.

Ата-журттун эркиндиги, өз алдынчалыгы, бөлүнбөс бүтүндүгү үчүн бүт күч-кубатын жумшоо, жанын курман кылууга даяр болуу ар бир кыргыз баласынын жашоодогу негизги вазипаси, милдети болгон. Бул идея элдин баатыр болушун шарттаган жана кыргыз фольклорунун мазмунун, негизги идеясын түзгөн жана жаш муундарды социалдаштырууда өзөккү идея болгон.

2. Уруулардын, элдин, улуттун ынтымагы жана биримдиги идеясы.

Элибизде ич ара уруу-уруу болуп бөлүнүүчүлүк, уруулар ортосунда өз ара чабышуулар болуп тургандыгына карабастан, эл башына кыйың кезең түшкөн учурда, кыргыздын тагдыры тарых таразысына коюлган учурда кыргыз эли уруулар ортосундагы ич ара таарынычтарды, чыр-чатактарды унутуп, бүт күчтү тышкы коркунучтуу душманды жеңүүгө багыттай алган.

3. Ата-бабалар салтын улоо идеясы.

Кыргыз элинде ата-энеге, ата-журтка, ата-бабалар салтына тиешелүү бүт нерселерге ыйык нерсе катары мамиле жасоо салты бекем сакталып, ата-бабалардан келе жаткан жашоо образды, каада-салтты өтө бекем сактап, бүт жашоо турмушун ушул идеяга баш ийдирген.

4. Балдарды тукум улоочу гана эмес улутту сактоочу, элдин эртеңкиси катары кароо, анын рухий дүйнөсүн калыптандырууга басым жасоо идеясы. Кыргыздар баласын өзүнө, өз үй-бүлөсүнө гана тиешелүү катары түшүнбөстөн, жалпы уруунун, элдин ишин аткаруучусу, элдин эртеңкиси катары түшүнгөн [1, 83–84-бб.].

Жогорудагы улуттук маданиятыбыздагы социалдык философиялык идеялар, көз караштар жаш муундарды социалдаштыруунун төмөнкүдөй улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болушун аныктап турат:

- Кыргыздарда балага рухий, ыйман тарбиясын берүүгө басым жасалган жана ошого ылайык социалдаштыруунун максаты, милдеттери аныкталып, каражаттары, усулдары иштелип чыккан.
- Адамды социалдаштыруу практикалык нукта болуп, бүт кыргыз турмушу, жашоо образы тарбиялык кызматты аткарып, баланы социалдык чөйрөгө аралаштыруу ишке ашырылган. Кыргыз элинин бүт турмушу тарбиялык өңүткө ээ болуп, баланын курагына жараша турмуш-тиричиликке аралаштыруу ишке ашырылган.
- Социалдаштыруу адамды табияттан бөлбөстөн, табияттын мыйзамдарын көңүлгө тутуу менен жүргүзүлгөн жана баланы кыйнабай тарбиялаган.
- Кыргыз элинде ар бир баланын курагына, жынысына жараша социалдаштыруу мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Бала кызыл эт, ымыркай, чүрпө, бөбөк, наристе, тестиер ж.б. кезинде ар башкача тарбиялык таасир этүүлөргө дуушарланган. Жаш муундарды социалдаштыруу балдардын жынысына жана курагына жараша өзгөчөлүктөргө ээ болуп, ата уулунун, эне кызынын тарбиясы үчүн жооптуу болгон.
- Балдарды социалдаштырууда турмушка керектүү бүт нерселерге ыраатуу түрдө үйрөтүп баруу ишке ашырылган. Кыргыз эли балдарга жаштайынан кайсы социалдык ролдо эмне аткаруу керектигин, кандай жүрүм-турум жасоо керектигин ж.б. ыраатуу түрдө үйрөтүү салтына ээ болгон.
- Кыргыз элинде баланы социалдаштырууда анын тубаса өзгөчөлүктөрүнө чоң маани берилген, баланын дээрине, зээнине карап тарбия иши жүргүзүлгөн. Ошондой эле тарбия берүүдө баланын активдүүлүгүнө таянылган. Бала өз активдүүлүгү (аракети) менен гана тарбия алат деген ишенимден, баланын дээринде жок болсо, айткан акылды билип алууга аракет кылбайт деп эсептелинген. «Дээринде жок», «дээринде бар» түшүнүктөрү баланы колунан келген ишке үйрөтүү салты калыптанып, балага тарбия берем деп баланы кыйнаган эмес. Ошондой эле бул принцип кыргыз элинде баланы тарбиялоодогу өтө гумандуулуктун көрүнүшү да болуп саналган [1, 208–209-бб.].

Дагы бир белгилей кетчү нерсе баланын социалдашуусуна шарт түзүү кыргыздардагы элдик педагогикасындагы таалим-тарбия системасынын өзгөчөлүгү болуп саналат. Кыргыз элинде бала өз теңтуштары менен ойноосуна, эл ичиндеги окуялар менен кабардар болсун деп өз жанында ээрчитип жүрүүсү ж.б. эң негизгиси “Көрө-көрө көсөм болот” деген накылды туу тутуп, баланы коомдук турмушка аралаштыруу максатында эл чогулган жерлерге, аны ээрчитип баруусу, ишти үйрөнсүн деген максатта жаштайынан өз алдынча иш аткарууга көнүктүрүү ж.б. баланы социалдаштыруунун өтө зарыл шарттары болгон.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин улуттук маданиятында баланы инсан катары социалдаштыруу өтө эрте жашынан башталып, балага ар тараптуу тарбия берүү ишке ашырылган жана өмүр бою уланган.

Элдик педагогикабыздагы инсанды социалдаштыруунун мазмунун талдоо жаш муундарда кыргыз элине мүнөздүү рухий (ата-бабалар салтын, ата-энени, мекенди ыйык тутуу ж.б.), адептик (меймандостук, боорукердик, эмгекчилдик ж.б.) жана социалдык дөөлөттөрдү (элдин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, жүрүм-турум нормаларын жана эрежелерин ж.б. өздөштүрүү) калыптандыруу түзгөндүгүн көрсөтөт.

Кыргыз элинде салттык коомдо согуштук-патриоттук тарбия берүүгө өзгөчө маани берилип, жаш муундарда ата-бабалардын жоокердик салтын улоо, ата-журт эркиндиги, ыйман-адеп эрежелерин сактоо, мекенчилдик ж.б. сапаттарды калыптандырууга басым жасалган жана инсанды социалдаштыруудагы негизги максат – жаш муундардын «Адам болуусуна» жетишүү болгон. Тактап айтканда, кыргыз элинде инсанды социалдаштыруудагы эң негизги максат болуп, баланы турмушта жашап кетүүгө, ата-бабалардан келе жаткан социалдык нормаларды жана эрежелерди тутуну жашоого үйрөтүү, өз алдынча турмуш-тиричилигин өткөрүүгө, турмушта өз алдынча түтүн булатып жашап кетүүгө даярдагандыгы жана анын "Адам болуусуна" жетишкендиги саналат [1].

"Адам болуунун" өзөгүн ыймандуулук, адамгерчилик түзүп, жаш муундарды тарбиялоонун үлгүсү, модели болуп саналган жана жаш муундарды трумуш-тиричиликтик иштерге үйрөтүү аркылуу анын адам болуусуна жетишилген.

Кыргыз элинде адамгерчилик түшүнүгү өтө өнүккөн жана бул түшүнүк адамдарга мүнөздүү эң жакшы сапаттарды өз ичине камтып турат. Жаш муундардын адептүү болушуна жетишүүдө, аларды инсан катары социалдаштырууда адемгерчиликтүү болууга үйрөтүү эң негизги маселе.

"Адам (Киши) болуу" татаал феномен катары өз ичине мазмундук, аффективдик, жүрүм-турумдук жана баалоо компоненттерди камтыйт. Анын мазмундук компоненти төмөнкүлөрдөн турат:

1. Ата-бабалардан келе жаткан адепти билүү (эл тутунган ата-бабалар салтын, анын адептерин тутунуп жашоо, аны өз жүрүм-турумунда тутунуу жана аларды сактап, аларды өзүнөн кийинки өсүп келе жаткан жаш муундарга үйрөтүү ж.б.).

2. Ыймандуу болуу – элдин ыймандык-адептик эрежелерин (ыймандуулук, адамгерчилик, эмгекчилдик ж.б.) тутунуп (сактап) жашоо.

3. Өзүн башкара (жөнгө сала) билүү. Өзүн социалдык чөйрөдө алып жүрүүнүн эрежелерин билүүсү жана ошол эрежелерге ылайык өзүн алып жүрө алуусу. (М: жашка жаштай, чоңго чоңдой мамиле жасоону билүүсү ж.б.). Ошондой эле жашоо шартка, турмуштук кырдаалга жараша өз алдынча чечим кабыл алууну жана жүрүм-турум жасоону билүү.

4. Турмуш-тиричиликтик жумуштарды өз алдынча аткара алуу (Өзү билип кырдаалга жараша өзүнчө чечим кабыл алуу жана аны аткаруу билгичтигине ээ болуу ж.б.)

Аффективдүү компонент – уят (элге уят), намыс түшүнүктөрдөн турат жана алар аркылуу киши өзүн башкарып, аракеттерин, жүрүм-турумун жөнгө салып турат.

Ал эми жүрүм-турумдук компонент – ата-бабалар салтын билүү жана аны өз жүрүм-турумунда колдонуусу болуп, жүрүм-турум өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

– ата-бабалар салты менен жашоо (тууганчылык, улууну-урматтоо, кичүүгө ызат ж.б. принциптерди тутунуу);

– ыймандуулук, адамгерчилик, эмгекчилдик, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо ж.б. принциптерди тутунуп жашоо.

Баалоо компоненти ата-бабалардын салты (каада-салт, ырым-жырым, үрп-адат) элдин пикири, ыймандуулук, ар намыстуулук, адамгерчиликтүүлүк ж.б. принциптерди тутунуу денгээлдерин баалоонун негизинде ишке ашат.

«Адам болуу» жаш муундарды жетилтүүнүн модели катары төмөнкүдөй компоненттерден турат:

- Тууганчылыктын жана адамдар менен мамилелешүүнүн эрежелерин билүү.
- Коомдун мамиле тутумунда өз ордун аңдап билүү жана ошого жараша жүрүм-турум нормаларын, эрежелерин тутунуу.
- Коомдук окуяларды, элдин маданиятын билүү.
- Турмуш-тиричиликке тиешелүү иштерди аткара билүү.

- Чарба жүргүзүүнү билүү:
- Рухий адептик эрежелерди билүү жана колдонуу ж.б.у.с. [1, 140–141-бб.].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз улуттук маданиятында жаш муундарды тарбиялоодо алардын “Адам болуусуна” жетишүү эң негизги маселе болуп, жаш муундарга ата-бабалардан келе жаткан салттарды, дөөлөттөрдү, социалдык нормаларды жана эрежелерди үйрөтүү аркылуу аларды турмушта жашап кетүүгө даярдагандыгы, баланын өз элине, улутуна мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аңдап билүүсүнө, ээ болуусуна жетишкендиги саналат.

“Адам болуу” идеясы улуттук маданиятыбыздагы инсанды социалдаштыруу салттарынын негизинде өсүп келе жаткан жаш муундарды социалдаштыруу аркылуу кыргыз элин улут катары сактап калуунун эң негизги шарты болуп саналат.

**Жыйынтык**

1. Кыргыз улуттук маданиятында инсанды социалдаштыруунун салты (идеялары жана принциптери) калыптанган. Кыргыз элинин жашоо-тиричиликтик философиясындагы төмөнкүдөй улуттук идеялар, жашоо принциптер: ата-бабалар салтын улоо идеясы, ата-журттун эркиндиги, көз карандысыздыгы идеясы, уруулардын, элдин, улуттун ынтымагы жана биримдиги, балдарды улутту сактоочу, элдин эртеңкиси катары кароо, анын рухий дүйнөсүн калыптандырууга басым жасоо ж.б. идеялар элдик педагогикабыздын өзөгүн түзөт [2, 110–111-бб.]. Аларды бүгүнкү күндө пайдалануу жаш муундарды улуттук негизде социалдаштырууга, ааламдашуунун коомубузга тийгизип жаткан терс таасирлерин азайтууга жардамын берет.

2. Кыргыз элдик педагогикасын жаңы аспектен изилдөө зарыл. Анткени XX кылымдын 70-жылдарында эле кыргыз элдик педагогикасын илимий жактан ар тараптуу изилдөөгө алуу зарылдыгы күн тартибине коюлуп, академик Г.Н. Волковдун илимий жетекчилигинин астында бир топ изилдөөлөр аткарылган. Ал изилдөөлөрдө айрым темалар ийине жеткириле аткарылганы менен, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз элдик педагогикасынын тарбия системасы теориялык жалпылаштырууга алына элек жана аны натыйжалуу пайдалануунун методологиялык маселелери тактала элек.

3. Кыргыз элинде инсанды социалдаштыруудагы эң негизги максат болуп **баланын** «Адам болуусуна» **жетишүү** саналып, анын мазмунун – турмушта жашап кетүүгө даяр болуу, ыймандык-адептик баалуулуктарды, ата-бабалардан келе жаткан социалдык нормаларды жана эрежелерди (ыймандуулук, адамгерчилик, эмгекчилдик, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо ж.б.) тутунуп жашоого үйрөтүү түзгөн.

«Адам болуу» түшүнүгү татаал жана көп катмарлуу (мазмундук, аффективдик, жүрүм турумдук жана баалоо элементтердин биримдигнен турат) болуп, тарбияга ээ болгон адамдын турмуш-тиричиликке даяр болушун – өз турмуш-тиричилигин жөндөп кетүүсүн да өз ичине камтыйт.

«Адам болуу» улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу концепциясы (көз караштардын системасы), салттык коомдогу кыргыздардын инсанды социалдаштыруу модели болуп саналган. Улуттук маданиятыбыздагы «Адам болуу» идеясын инсанды социалдаштыруунун модели катары кароо Кыргызстанда жаш муундарды калыптандырууну улуттук негизде жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мурзаев М.С. Кыргыз элдик педагогикасындагы инсанды социалдаштыруунун өнүгүүсү (тарыхый-этнопедагогикалык аспект). Монография. – Б.: 2013. – 236 б.
2. Мурзаев М.С. Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо). Монография. – Б.: 2017. – 200 б.

**Рецензент: психолог. илим. канд., доц. Жусубалиев А.Р.**